ФОНД
ПРЕЗИДЕНТСКИХ
ГРАНТОВ

БФ «ПСП-ФОНД»

# Эмгек мигрантынын чөнтөк китепчеси

2019

# Содержание


Кетүүгө камдануу ........ 5

Чек арадан өтүү жана миграциялык карта алуу ........ 6

Миграциялык каттоого туруу ........ 9

Жумушка патент алуу ........ 11

Орус тили, Россиянын тарыхы, РФнын мыйзамдары боюнча билимин текшерүү боюнча тестирлөө ........ 17

Медициналык жыйынтык ........ 18

Жумуш издөө жана жумушка орношуу ........ 19

Эмгек макулдугун түзүү ........ 21

Жарандык-укуктук макулдукту түзүү ........ 23

Россия Федерациясынын миграция мыйзамын бузуудагы жоопкерчилик ........ 26

Медициналык жардам ........ 30

Полиция менен өз ара мамиле ........ 33

Балдарга билим берүү ........ 38

РФна мекендештердин өз ыктыяры менен көчүп келүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча мамлекеттик программа. ........ 40

Пайдалуу даректер ........ 46

**Урматтуу достор!**

*Бул брошюра Россияга акча табуу максатында келген же келгени жаткан адамдар үчүн иштелип чыкты.*
*Бул жерден сиздер эмгек мигранттардын Россияда жүрүүсү боюнча укуктук жактан пайдалуу кеңештерди, Россияга кетеер алдындагы даярдык, миграциялык каттоого туруу (регистрация), патент алуу, жумушка орношуу, арендага үй алуу, медициналык кызмат, полиция кызматкерлери менен сүйлөшүү, балдарга билим берүү, РФна мекендештерди көчүрүү боюнча мамлекеттик программага катышуу боюнча пайдалуу маалымат жана кеңештерди таба аласыздар. Брошюрада пайдалуу даректер жана телефондор дагы бар.*
*Бул "Эмгек мигрантынын чөнтөк китепчеси" Сизге мыйзам бузууларга, жоопкерчиликсиз жумуш берүүчүлөрдүн, ортомчулардын, кызмат адамдарынын жана жеке адамдардын алдоосуна байланыштуу жагымсыз көйгөйлөрдөн арылууга жардам берет деп ишенебиз.*

**Көңүл бургула!**

**Россиянын Миграция сферасы боюнча мыйзамдары өзгөрүп турушу мүмкүн. Бул чыгарылыштагы кеңештер жана сунуштар 2019-жылдын 25-август айынын убагындагы мыйзамдарга негизделген.**

**Жолуңуздар шыдыр болсун жана ишиңердин оң жагына чечилишин каалайбыз!**

БФ «ПСП-фонд» жааматы

# Кетүүгө камдануу

РФна барууну чечкен ар бир чет элдик жаранга төмөнкүлөрдү билүү маанилүү:

-жергиликтүү калк, жумуш берүүчү, мамлекеттик бийлик органдарынын кызматкерлери менен жекече сүйлөшө алгандай деңгээлде орус тилин билүү.

Орус тилин билүү деңгээлин жакшыртуу жана текшерүү үчүн электрондук ресурстарды-сайттарды жана Android үчүн тиркемелерди сунуштайбыз:

**Россия бардыгы үчүн (Өзбек)** - орус тилин үйрөнүү боюнча мобилдик тиркеме, орус тилин, Россиянын тарыхын, эмгек мигранттары үчүн мыйзамдардын негизин тез үйрөнүү боюнча курс.

**TORFL GO-**мобилдик тиркеме аркылуу орус тилин чет тили катарында тестирлөө

**pushkininstitute.ru** – “Орус тилинде билим алуу” порталы
-миграция, социалдык жана эмгек мамилелери сферасындагы **россиянын мыйзамдарын жана негизги эрежелерин билүү**;

**-өз укуктарын билүү жана коргоо,** тобокелдин жана коркунучтун канчалык даражада экендигин түшүнүү;

-өз өлкөсүнөн чыгып кетүүнүн алдында жумуш берүүчүнү таап аны менен жумушка орношуунун мыйзамдуу жолу жөнүндө сүйлөшүп алуу;

**-жумуш издөөдө расмий ресурстарды пайдалануу жакшы-мисалы бүткүл россиялык вакансиялардын базасы trudvsem.ru**

-кабыл алуучу жак менен байланышта болуу-РФда жашаган россиялык же чет элдик жаран, же жашай турган жер менен камсыз кыла турган жумуш берүүчү;

**-Россияга кирүүгө тыйуу салынбагандыгын текшерүү-бул үчүн Россиянын ИИМинин расмий кызматын колдонуу керек (МВД России)** http://сервисы.гувм.мвд.рф/info-service.htm?sid=3000

-медициналык камсыздандыруу полисин алуу;

-Россияда Сизге жардам бере турган мамлекеттик жана коомдук уюмдардын дарегин билүү;

- эмгекти эксплуатациялоо жана адам сатуу боюнча жабырлануучу болуп калбаш үчүн, ортомчулардын кызматынан баш тартуу;

- биринчи учурларда жаныңы**зда, үйдү арендага**, документтерди алуу**га жана тамактанууга жете тургандай акча болуусу зарыл**;

- барган жериңиздин шартына, нормасына, салт санаасына көнгөнгө даяр болуу, үйрөнүү жана өсүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу.

# Чек арадан өтүү жана миграциялык карта алуу

Россиянын аймагына кирүү үчүн чет элдик жарандын жарактуу чет элдик паспорту болушу керек. Евразиялык Экономикалык Биримдиктин (Армения Республикасы, Беларусия Республикасы, Казахстан Республикасы, Кыргыз Республикасы), жана Украинанын жарандары РФнын чек арасынан ички паспорт менен өткөнгө укугу бар.
КМШ (СНГ) өлкөлөрүнүн (Өзбекстан, Таджикистан, Молдова, Азербайжан, Украина) жана ЕАЭБдин (ЕАЭС) жарандары РФнын аймагына визасыз кирүүгө жана жашоого укугу бар жана киргенден баштап 90 күнгө чейинки мөөнөткө жана ар бир периоддо 180 күнгө чейин жашоого укугу бар.

Россиянын аймагына киргенде **Сиздин камсыздандыруу полисиңиз болушу** керек.

Камсыздандыруу полисти өз мекениңизден же Россиянын аймагынан ал жерге кирген күнү алсаңыз болот. РФда аны каалаган камсыздандыруу мекемелеринен, чоң аэропорттордон жана бекеттерден, ошондой эле Россиянын Почтасынын (Почта России) бөлүмдөрүнөн алса болот. Полисте Россиянын аймагындагы медициналык жардам көрсөтүү шарттары жана камсыздандыруу компаниясынын байланыш телефону көрсөтүлүш керек.

## Миграциялык карта

Россиянын аймагына киргенде чет элдик жарандарга МИГРАЦИЯЛЫК КАРТА АКЫСЫЗ берилет-РФна кирүү максатын жана чек арадан мыйзамдуу түрдө өткөндүгүн тастыктаган документ. Сиз миграциялык картаны толтуруп, чек аралык көзөмөлдөө кызматкерлерине беришиңиз керек. Сиздин паспортто көрсөтүлгөн жеке маалыматты - латын тамгалары менен жазсаңыз болот.

Кээ бир учурларда миграциялык картаны Россиянын Федералдык Өздүк Коопсуздугунун (ФСБ России) чек ара кызматынын кызматкерлери чек араны көзөмөлдөө бөлүмдөрүндө документердин ээсинин маалыматына жараша толтурушат. Миграциялык картада РФна кирүүнүн максаты туура көрсөтүлгөндүгүн жакшылап карагыла!

Россияга кирүүнүн максатын туура көрсөтүү керек-киргенден кийин аны өзгөртүү мүмкүн болбой калат. **Эгерде Сиз Россияга иштегени келсеңиз, “келүү максаты” («цель визита») деген графадагы “жумуш иштөө” («работа») деген сөздүн астын чийип коюшуңуз керек.**

РФга киргендигиңизди Сиздин чет элдик паспортуңузга жана миграциялык картага, чек араны көзөмөлдөө кызматкери тарабынан басылган атайын кирүү штампы тастыктайт. Сиздин 2 документиңизге тең штамп коюлганын тактаңыз! (Эгерде Сиз РФна ички паспорт менен кирсеңиз, штамп миграциялык картага эле коюлат). Штампта чек арадан өтүү датасы так көрүнүп турушу керек, антпесе Сизди мыйзамсыз кирген деген күмөн саноо пайда болот.

**! Муну билүү маанилүү- миграциялык карта чек арада гана мыйзамдуу берилет. Миграциялык картаны эч качан бирөөнүн колунан албоо керек.**

Документтерди текшерүүдө РФнын ИИМинин (ГУ МВД РФ) Мамлекеттик Башкаруусунун миграция маселелери боюнча Башкармалыгынын кызматкерлери алардын жасалма экенин тез эле аныктап коюшат.

Жасалма миграциялык картаны көрсөткөндүгү үчүн жаранга администрациялык айып пул салынат (7000 рубльга чейин) жана РФна кирүүгө 5жылга тыйуу салуу менен РФнын аймагынан чыгарылат (1-пункт жана 3-п.19.27-берене РФнын Администрациялык укук бузуулардын Кодекси (КоАП РФ)).

***Миграциялык карта-маанилүү документ! Аны паспорт менен бирге РФда жүрүү мөөнөтү бүткөнчө сакташ керек.***

## Миграциялык картаны жоготуп алуу

Миграциялык картаны жоготуп алган учурда, өзүнүздүн регионуңуздагы жакынкы РФнын ИИМинин (МВД РФ) Мамлекеттик Башкаруусунун миграция маселелери боюнча Башкармалыгынын бөлүмүнө 3 күндүн ичинде паспортуңуз жана кирүү билетиңиз менен кайрылышыңыз керек. Документтерди текшергенден кийин Сизге миграциялык картанын дубликатын АКЫСЫЗ берүүгө милдеттүү.

РФна кирген билетти жана отургузуу талонду сактап жүрүүнү сунуш кылабыз. Миграциялык картаны жоготуп алган учурда, алар Сиздин РФна мыйзамдуу киргендигиңизди тастыктайт.

РФнын аймагына киргенден кийин төмөндөгү документтердин көчүрмөлөрүн жасап алгыла:

-паспортуңуздун бардык беттерин;
-миграциялык картаны;
Келечекте бул көчүрмөлөрдүн сизге кереги тиет.

# Миграциялык каттоого туруу

Чет элдик жаран  келген жерине 7 жумушчу күндүн ичинде **миграциялык каттоого** турушу керек; ЕАЭБдин (ЕАЭС) мүчөлүгүнө кирген өлкөлөрдүн жарандары (Армения, Беларусия, Казакстан жана Кыргызстан)  үчүн-**30күн,** Таджикистандын жарандары үчүн-**15күн**).

**Миграциялык каттоого жашап жаткан жердин дареги боюнча туруу керек. Чет элдик жаран кирүү эрежелерин жана жүрүү режимди бузса,  ага  2миңден 7миңге чейин айып пул салынат да 5 жылга кирүүгө тыйуу салуу менен  Россиянын аймагынан чыгарылып калышы мүмкүн. (18.8 берене жана 19.27 берене** РФнын Административдик укук бузуулардын Кодекси  **(КоАП)).**

Чет өлкөлүк жаранды миграциялык каттоого тургузууну ага жашоочу жай берген **Кабыл алуучу** тарап жүргүзөт-булар төмөнкүлөр:

- РФнын сиз жашаган регионунда дайыма катталган РФнын жараны;
- РФнын аймагында дайыма жашаган чет өлкөнүн жараны;
- юридикалык адам: уюм-жумуш берүүчү, мейманкана.

Миграциялык каттоого туруш үчүн төмөндөгүлөргө кайрылса болот:

- РФнын миграция маселелери боюнча Башкармалыктын аймактык бөлүмү (МВД России);
- мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү  көп функционалдуу борбору (МФЦ).

**Сизге төмөнкү документтер жана алардын көчүрмөлөрү керек:**

- паспорт;
- миграциялык карта;
- ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси;
- үйдө жашаганга укуктуу экендигин тастыктаган документтин көчүрмөсү (мисалы, үйдү арендага алгандыгы тууралуу макулдук).

**Миграциялык каттоого туруу үчүн төмөнкүлөр керек**

**1)**Чет өлкөлүк жарандын жашаган жерине келгени жөнүндөгү атайын билдирүү-бланктын **2 тарабын тең  толтуруу.** Билдирүү-бланкы акысыз берилет:

- РФнын миграция маселелери боюнча Башкармалыгынын аймактык бөлүмүндө (МВД РФ);
- мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү  көп функционалдуу борбордо (МФЦ);
- “Россиянын Почтасы” ишканасынын бөлүмдөрүндө («Почта России»).

Бланк эки бөлүктөн турат. Толтурулгандан кийин бир бөлүгү РФнын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун Тышкы Миграция Башкармалыгына жиберилет (УВМ ГУ МВД РФ), экинчиси чет элдик жарандын өзүндө калат. Эки тарабына тең келген жердин дареги, кабыл алуучу тараптын  өздүк маалыматы жана чет элдик жаран жөнүндө маалымат сөзсүз жазылышы керек. Кабыл алуучу тарап, – жаран, бланкка өзүнүн колун коёт.

**2)** РФнын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун Миграция маселелери боюнча Башкармалыгына билдирүүнү чет элдик жарандын паспортунун көчүрмөсү, РФнын жаранынын паспортунун көчүрмөсү (кабыл алуучу тарап) жана миграциялык картанын көчүрмөсүн  “Россиянын почтасы” («Почту России») ишканасы аркалуу РФнын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун Миграция (УВМ МВД РФ) маселелери боюнча Башкармалыгына **салып жиберүү керек**.

**Билдирүүнү жаран өзү** көп функционалдуу борборго (МФЦ) же  РФнын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун Миграция маселелери боюнча Башкармалыгына (УВМ МВД РФ) акысыз берсе болот. Көп функционалдуу борборго миграциялык каттоого турууда, билдирүү миграциялык кызматка көп функционалдуу борбордун кызматкерлери тарабынан жарандын өзүнүн катышуусу жок эле жиберилет.

**3)** РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын (УВМ МВД РФ), Көп функционалдуу борбордун (МФЦ) же “Россиянын Почтасы” («Почта России») ишканасынын кызматкерлерине, кабыл алынгандыгы тууралу белги коюлган билдирүүдөн **айрылып алынган бланкын алуу**.

РФна кирүү визасыз режимде болгон өлкөлөрдүн жарандарын биринчи жолу миграциялык каттоо, алар чек арадан өткөндөн кийин 90 күндөн ашык эмес мөөнөткө жүргүзүлөт жана **РФда иштөөгө укук бербейт**.

**Жумушка орношкондон кийин миграциялык каттоону эмгек макулдугунун мөөнөтүнө жараша же төлөм жүргүзүлгөн патенттке жараша узартып туруу керек (ЕАЭБдин (ЕАЭС) өлкөлөрүнүн жарандары үчүн).**

Жумушка патенттин негизинде чет элдик жаран өзүнүн РФдагы каттоосун узартышы керек, бирок, РФна кирген күндөн баштап 1 жылдан ашык эмес эле мөөнөткө. Каттоону узартуу үчүн Сиз же Сизди кабыл алуучу тарап өзүлөрү жашаган райондогу РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын Бөлүмүнө (УВМ МВД РФ) кайрылуусу керек. Алар миграциялык картаны, миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралу билдирүүнү, каттоонун узартуу мөөнөтүнө карай патентке төлөмдүн дүмүрчөгүн алып келиш керек.

Миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралу билдирүүнүн көчүрмөсүн жасап алгыла, эгерде Сиз аны жоготуп же бузуп алсаңыз, РФнын ИИМинин Тышкы Миграция (УВМ МВД РФ) Башкармалыгынын Бөлүмүнө кайрылып ордуна тургузуп алганга жардамы тиет.

## Жумушка патент алуу

Азербайджан Республикасы, Молдова Республикасы, Таджикистан Республикасы, Узбекистан Республикасы, Украинанын жарандары РФнын аймагында юридикалык жакка (мекемеге же жеке ишкерге) ошондой эле физикалык жакка (мисалы, батирдин ээсине ж.б.) жумушка  мыйзамдуу орношуу үчүн **жумушка патентти сөзсүз алуулары керек**.

! **Патенти жок жумуш иштөөгө тыйуу салынган жана РФнын аймагынан чыгаруу менен 5000 ден 7000 рубльга чейин айып пул салынат.**

**! Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандарынан (Армения Республикасы, Беларусия Республикасы, Казахстан Республикасы, Кыргыз Республикасы) жумушка патент талап кылынбайт. Алар үчүн, эмгек жана жарандык-укуктук макулдук РФнын аймагында убактылуу жүрүү мөөнөтүнүн узартылышына негиз болуп эсептелинет!**

**Эсиңерде болсун: 18 жашка толгондор гана Россияда иштеп жана патент ала алышат!**

Ар бир региондо патент бергенге укугу бар, бир гана мекеме болот:

- Москва шаарында – Көп функционалдуу миграциялык борбор (Многофункциональный миграционный центр)
- Москва обл. – Москва областындагы бирдиктүү миграциялык борбор (Единый миграционный центр Московской области)
- Санкт-Петербург шаарында жана Ленинград обл. – Россиянын ИИМинин Федералдык Мамлекеттик Унитардык **«Паспорттук-визалык кызматы»** ишканасы **(**ФГУП «Паспортно-визовый сервис» МВД России)**.**

РФда көптөгөн ортомчулар (мекемелер же жарандар), патент алганга төлөм алуу менен жардамдарын сунуш кылышат. Этият болгула, алданып калбагыла:

- **“Жеке адамдардын” жардамына кайрылбагыла**-жердештерге, бригадирлерге, ортомчуларга, өзүңүздүн жеке таанышыңыга: ушундай адамдар көпчүлүк учурда жасалма документ алып беришет;
- эгерде Сиз документ алганга ортомчу мекемелерге кайрылган болсоңуз, алардын кызматын **колдонуу жөнүндө сөзсүз түрдө макулдук түзгүлө**. Ал макулдуктарды көңүл коюп окуңуз-ал жерде сөзсүз көрсөтүлгөн кызматтын аталышы (РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгына (УВМ МВД РФ) документтерди тапшыруу аракети), акысы, өз милдеттерин аткарбай койгон учурдагы мекеменин жоопкерчилиги, мекеменин башчысынын мөөрү басылып, менеджердин колу коюлушу керек.

- **документтерди колго алмайын, көрсөтүлгөн кызматты пайдалангандыгыңыз тууралу актыга кол койбоңуз.** Этият болуңуз-мындай актыларды негизги макулдуктун текстине кошуп жазып коюшу мүмкүн;
- ортомчулук кызматка акы төлөгөдөн кийин, ортомчу-мекемеге акча төлөнгөндүгү тууралу **дүмүрчөктү талап кылыңыз**. Дүмүрчөктөгү сумма туура көрсөтүлгөндүгүн текшериңиз;
- ортомчуларга кайрылган күнү деле, **Сиз ӨЗҮҢҮЗ медициналык текшерүүдөн, орус тилин, тарых жана мыйзамдарды билүүнү текшерген тестирлөөдөн өтүшүңүз керек. Документ өткөргөндө Сиз каттоонун дактилоскопиялык (бармак изин алуу) процедурасынан өтүп, сүрөткө түшүшүңүз керек. Эгерде ортомчу буларды Сизден талап кылбаса, ал Сизди алдап жаткан болот;**
- **бир дагы мекеме же жеке адам Сиз үчүн документ ала албайт. Өз документтериңизди** РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын (УВМ МВД РФ) бөлүмүнөн **ӨЗҮҢҮЗ** гана алганга милдеттүүсүз.

Жумушка патент Сиз аны алган гана регионго жарайт!

Жумушка патентти алуу үчүн документтерди берүү мөөнөтү – РФна кирген убакыттан баштап 30 күн. Патент алуу мөөнөтүн бузгандарга 10000 ден 15000 рубльга чейин айып пул салынат.

Патентте **чет элдик жарандын адистиги** Бүткүл Россиялык адистиктердин классификатору боюнча көрсөтүлөт.

Патент жарактуу мөөнөттүн ичинде Сизге өзүңүз жашаган регионду аймагында болууга жана патентте көрсөтүлгөн адистик менен каалаган жумуш берүүчүдө-мейли ал физикалык жак же мекеме болсун- ошол региондун каалаган жеринде иштөөгө укук берет.

Патентте көрсөтүлөн адистиктен башка иш менен алектенүү үчүн 5000 ден 7000 рубльга чейин айып пул салынат жана ал жаран РФнын аймагынан чыгарылат (ст. 18.10-берене РФнын Администрациялык укук бузуулардын Кодекси (КоАП РФ)) (Москва шаарында патентти алып, каалаган адистик менен иштесе болот).

Патент алуу үчүн төмөнкү документтерди өткөрүү керек:
-патент алуу үчүн арыз (арыздын бланкын жана аны толтуруу үлгүсүн РФнын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун Миграция (ГУВМ МВД РФ) маселелери боюнча Башкармалыгынын бөлүмдөрүнөн акысыз алууга болот же https://гувм.мвд.рф сайтынан “Миграциялык каттоону жүргүзүү” бөлүмүнөн алса болот.)

- паспорт жана паспорттун көчүрмөсү
- 3х4 сүрөт түстүү, жылтырак эмес
- миграциялык каттоонун билдирүүсү (регистрация) жана анын көчүрмөсү
- паспорттун нотариустан тастыкталган орус тилиндеги котормосу-котормочусу бар нотариалдык конторада жасалат
- кирүү штампы коюлган, “жумуш иштөө” максаты көрсөтүлгөн миграциялык карта, жана анын көчүрмөсү
- медициналык жыйынтык жана ВИЧ инфекциясы жок деген сертификат-атайын медициналык мекемеден, медициналык каро-одон өткөндөн кийин берилет.
- орус тилин, Россиянын тарыхын, РФнын мыйзамдарын билгендигин тастыктаган документ: СССР дин аймагындагы окуу жайды 01.09.1991-жылга чейин же Россиянын аймагындагы окуу жайды 01.09.1991-жылга чейин бүткөндүгү тууралу документтин түп нускасы же орус тили, Россиянын тарыхы, РФнын мыйзамдары боюнча тестирлөөдөн өткөндүгү тууралу сертификат.

  Тестирлөө тууралу билүү жана ага жекече даярданууга “Россиялык тесттик консорциум” деген сайт жардам берет http://testcons.ru. Сиз тестирлөөдөн өтүп, өзүңүздү текшерип, өз деңгээлиңизди билсеңиз болот
- патент үчүн төлөнгөн бажы төлөмүнүн дүмүрчөгү (НДФЛ);

! **Патентке алдын ала төлөнүүчү бажы төлөмү РФнын ар бир регионунда ар башка: Москва шаары боюнча, 5000 руб., 4750 руб. Москва областы боюнча 4750 руб., Санкт-Петербург жана Ленинград областтары боюнча 3800 руб. Төлөмдөрдү Россиянын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун (ГУ МВД России) реквизиттери боюнча каалаган банкта жүргүзсө болот.**

Жумушка алынган патенттин даяр болгодугун жана нукуралыгын Сиз Россиянын ИИМинин Мамлекеттик Башкаруусунун миграция (ГУ МВД России) маселелери боюнча Башкармалыктын сайтынан: //гувм.мвд.рф “Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын жумуш иштөөсүн жүргүзүү үчүн берилген патенттердин жана уруксааттардын нукуралыгын текшерүү” деген бөлүмдөн текшере аласыңар.

Жумушка патентти алуу мөөнөтү-10 жумушчу күн

***Алынган патенттин негизинде миграциялык каттоону – каттоонун (регистрация) иштөө мөөнөтүн узартса болот.***

Патент боюнча иштегендигиңиз иш үчүн Сиз **негизги алдын ала салык төлөмүн** (НДФЛ) ар бир кийинки ай үчүн төлөшүңүз керек.

Негизги алдын ала салык төлөмүн төлөгөндө патент автоматтык түрдө төлөм жүргүзүлгөн мөөңөткө узартылат. Төлөм өз убагында жүргүзүлбөсө, биринчи күндөн баштап патенттин иши токтойт.

Көңүл бургула: Документте көрсөтүлгөн патент алынган датадан баштап айлардын эсеби башталат.

Төлөм жасалган ар бир айдын аяктаарына 1 күн калганда патент үчүн төлөм жүргүзүлүшү керек: мисалы,12-апрелде мөөнөтү бүтө турган 13-мартта берилген патент үчүн 11-апрелден кеч эмес убакытта 13-апрелден 12 майга чейинки мөөнөтү үчүн төлөш керек.

Жумушка патент үчүн салык төлөмдү ай сайын же бир нече ай үчүн бир жолу төгүп койсо болот- патент алынган күндөн баштап12 ай үчүн мурун төксө болот.

***Патент төлөө үчүн реквизиттерди жана Сиз жүргүзгөн төлөмдөрдү тастыктаган чектерди өзүнүздө сактаңыз.***

**Патент алгандан кийин 2 айдын ичинде Сиз РФнын ИИМинин Тышкы Миграция боюнча Башкармалыктын бөлүмүнө (УВМ МВД РФ) жумуш берүүчү менен түзгөн эмгек макулдуктун көчүрмөсүн, патент алгандыгыңыз жөнүндө билдирүү менен кошо тапшырык кат менен жиберишиңиз керек же макулдукту өзүңүз РФнын ИИМинин Тышкы Миграция боюнча Башкармалыктын бөлүмүнө (УВМ ГУ МВД РФ) алып барып беришиңиз керек, антпесе Сиздин патентти жараксыз деп табышат!**

Патенттин мөөнөтү бүткөндө РФнын аймагынан чыгып кетиш керек, же аны кайра алуу керек.

Патентти кайра алуу үчүн Россиянын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын (УВМ МВД России) эмгек миграциясынын маселелери боюнча бөлүмгө патенттин мөөнөтү бүткөнгө 10 жумушчу күн калганда аны узартуу тууралу арыз менен кайрылууңуз зарыл жана төмөнкү документтерди көрсөтүү керек: 1 жылдан бери пайдаланып жүргөн чет элдик паспорт, жарактуу патент, 12 айга төлөнгөн төлөмдүн дүмүрчөгү, миграциялык карта, эмгек макулдугу жана жумуш берүүчүдөн сураныч (ходатайство). Жумушка патентти 1 жолдон ашык эмес жана 12 айдан ашык эмес мөөнөткө узартса болот.

Эгерде Сиз жумушту физикалык жакта иштесеңиз, патентти узартуу жөнүндөгү арызга физикалык жак менен эмгек макулдугун түзгөндүгүңүз жөнүндө билдирүүнү жана Сиздин жумуш берүүчүңүздөн сураныч тиркелиши керек.

**Жумушка патентти 1 гана жолу 1 айдан 12 айга чейинки мөөнөткө кайра алсаңыз болот.**

Жумушка патентти узартуу тартиби тууралу так маалыматты РФнын ИИМинин Мамлекеттик Тышкы Миграция Башкармалыгынын (ГУВМ МВД РФ) расмий сайтынан тапсаңыз болот. guvm.mvd.ru

**Эгерде Сиз патентиңизди жоготуп же бузуп алсаңыз** РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын (УВМ МВД РФ) эмгек миграция маселелери боюнча бөлүмүнө патенттин

дубликатын берүү жөнүндө арыз менен кайрылсаңыз болот. Арызга төмөнкү документтер тиркелиши шарт: паспорт жана анын көчүрмөсү, миграциялык карта жана анын көчүрмөсү, патент үчүн төлөмдөрдүн (НДФЛ) дүмүрчөктөрү.

# Орус тили, Россиянын тарыхы, РФнын мыйзамдары боюнча билимин текшерүү боюнча тестирлөө

Орус тили, Россиянын тарыхы, РФнын мыйзамдары боюнча билимин текшерүү боюнча тестирлөөдөн өтүү жумушка патент алуу тартибине кирет.

Чет элдик жарандардын тестирлөөдөн өткөндүгү атайын сертификат менен тастыкталат. Ал 5 жылга жарактуу.

**Тестирлөө тууралу билүү жана ага жекече даярданууга** “Россиялык тесттик консорциум” деген сайт жардам берет http://testcons.ru. Сиз тестирлөөдөн өтүп, өзүңүздү текшерип, өз деңгээлиңизди билсеңиз болот

Тестирлөөдөн өтүү жана орус тили, Россиянын тарыхы, РФнын мыйзамдары боюнча билими жөнүндөгү сертификатты атайын тестирлөө борборлорунда алууга болот. Ал үчүн төмөнкү документтер болуш керек:

- паспорт жана паспорттун көчүрмөсү
- паспорттун нотариустан тастыкталган орус тилиндеги котормосу-котормочусу бар нотариалдык конторада жасалат
- кирүү штампы коюлган, миграциялык карта, жана анын көчүрмөсү

Кайрылган учурда Сиз каалаган банктан  тестилөөдөн өтүү төлөмүн төлөп, дүмүрчөгүн алышыңыз керек.Тестирлөөдөн өткөрүү кызматынын баасын тестирлөө борборлорунан же алардын сайттарынан билсе болот.

Экзамен төмөнкүлөрдү камтыйт:

Бөлүм 1. Орус тили (1саат 20мүнөт)-грамматика, жазуу, окуу, оозеки сүйлөшүү, угуу.

Бөлүм 2. Россиянын тарыхы (35 мүнөт)-20 тесттик суроолор.

Бөлүм 3. РФнын мыйзамдарынын негизи (35мүнөт) 20 тесттик суроолор.

**Тестирлөө тууралу билүү жана ага жекече даярданууга** “Россиялык тесттик консорциум” деген сайт жардам берет testcons.ru.

testmigr.ru сайтынан Сиз тестирлөөдөн өтүп, өзүңүздү текшерип, өз деңгээлиңизди билсеңиз болот

Эгерде Сизде төмөнкүлөр бар болсо, тестирлөөдөн өтүүнүн кажети жок:

- 1991жылдын 1-сентябырына чейин алынган СССРдеги окуу жайды бүткөндүгү тууралу диплом;
- КМШ өлкөлөрүнүн биринде окуу жайды бүткөндүгү тууралу диплом, орус тилинен курс өтүү менен жана анын нотариус аркылуу тастыкталган котормосу жана дипломдун Россиянын билим берүү стандартына ылайык келгендиги тууралу күбөлүк;

# Медициналык жыйынтык

Патент алуу үчүн медициналык текшерүүдөн өтүү керек. Ал чет элдик жарандын баңгиликке берилгендигин, ВИЧ инфекциясына чалдыкпагандыгын, кургак учук менен оорубагандыгын жана башка жыныстык жак менен жуга турган инфекциялык оорулары жок экендигин аныктоо үчүн өткөрүлөт.

Медициналык текшерүү чет элдик жарандын иштей турган регионундагы атайын медициналык мекемеде өткөрүлөт. Медициналык комиссиядан өтүү үчүн төмөнкү документтердин болуусу шарт:

- паспорт жана паспорттун көчүрмөсү
- паспорттун нотариустан тастыкталган орус тилиндеги котормосу-котормочусу бар нотариалдык кеңседе жасалат
- кирүү штампы коюлган, миграциялык карта, жана анын көчүрмөсү
- миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндөгү билдирүү жана анын көчүрмөсү

Медициналык комиссиядан өтүү кызматы-акылуу.

Медициналык комиссиянын жыйынтыгы 5 жумушчу күндөн кийин берилет.

Таджикистандын жарандары медициналык жыйынтыкты да – Таджикистандан берилген 086 формасындагы справканы да көрсөтүшү керек. Эсиңерде болсун-бул справкалар бар деп, медициналык комиссиядан өтпөй койгонго болбойт.

Көңүл бургула- медициналык комиссиядан өтүүнүн алдында төмөнкү медициналык дары дармектерди ичүүгө тыйуу салынат: коделак; кодипронт; кодтерпин; нурофен плюс; пенталгин-Н; седал –М; седалгин нео; терпинкод; тетралгин; каффетин; корвалол; валокордин; фенобарбитал. Эгерде Сиз жогоруда аталган дарылардын бирин дайыма ичип жүргөн болсоңуз, ал тууралу дарыгерге сөзсүз айтыңыз.

Коомдук жерлерде тамактануу жана кызмат көрсөтүү (кафе, бала бакча, мейманкана, мектеп) чөйрөсүндө иштөө үчүн **медициналык китепче** алуу керек. Медициналык китепчени төлөм менен, медициналык комиссиядан өткөн жерден аласыздар.

# Жумуш издөө жана жумушка орношуу

РФда мыйзамсыз иштөө-олуттуу укук бузуу болуп эсептелинет. Өз укуктарыңызды жана милдеттериңизди билип, керексиз тобокелден өзүңүздү сакташыңыз керек.

Жумуш издөөдө Сизге Россиядагы эмгек жана жумушка орноштуруу Федералдык кызматынын бүткүл россиялык вакансиялардын базасын колдонууну сунуш кылабыз. trudvsem.ru .

Жумушка орношууда төмөнкү жөнөкөй кеңештер жардам берет:

- **мыйзамдуу иштеңиз: патент**, физикалык жакка жана мекемелерге жумушка орношууга укук берет, бирок жумуш берүүчү менен **Сиздин мамилеңиз сөзсүз эмгек макулдугу менен тастыкталышы керек**.
- **Өз жумуш берүүчүңүздү билиңиз**: Сиз сөзсүз өзүңүз иштеген мекеменин аталышын жана дарегин, жетекчиңиз

менен байланышуу жолдорун (кызматы, аты жөнү, телефон) билишиңиз керек; ал сизге жумуш боюнча укугуңузду коргооодо, эмгек акыны кайтарып алууда пайдасы тиет;

- **ортомчуларга кайрылбаңыз**: этият болуңуз-ортомчулар Сизди бекер жумушчу күч катары пайдаланып кетиши мүмкүн;
- **Жумуш берүүчү менен эмгек макулдугун түзгүлө**: жумуш берүүчү Сиз менен эмгек макулдугун түзгүүгө жана анын көчүрөсүн Сизге берүүгө МИЛДЕТТҮҮ;
- **Эмгек акынын өлчөмү жана төлөө шарты тууралу так сүйлөшүп алыңыз**: Сизге кандай жумушка канча акча төлөп бере тургандыгын билишиңиз керек. Эмгек майананын өлчөмү макулдукта жазылышы зарыл. Эмгек акыңызды өзүңүздүн атыңызга жазыган банктык карта аркылуу же эсеп кысап бөлүмүнөн өз колуңузду коюп алышыңыз керек. Эсеп кысап бөлүмүнөн эсеп барагын алганга укугуңуз бар. Ар бир акча мамилеси документтелиши керек. Эгерде алар Сизге акча бересе болсо-жумуш берүүчүдөн расписка талап кылып, өзүңүздө сактаңыз;
- **кол коюуп жаткан нерсеңизди кунт коюп окуңуз, бир нускасын берүүнү талап кылыңыз:** Эгерде бир нерсеге -макулдук, табель, расписка ж.б. кол кой деп суранса**-** Сиз кол коюп жаткан нерсеңизге макул болушуңуз керек. Эгерде документ сизге гана тиешелүү болсо-сизге анын бир нускасын берүүлөрү керек. Сиз макулдукка, билдирүүгө жана башка документтерге, анын мазмуну жана шарттары менен макул эмес болсоңуз, кол койбогонго укугуңуз бар;
- **жумуш берүүчүгө өз документтериңизди карматпаңыз**: Сизден башка эч ким сиздин паспортту, жумушка патентти, медициналык камсыздандыруу күбөлүгүн, эмгек макулдугунун нускасын жана башка документтерди сактабайт, ошондой эле эки жакка чыгуу эркиндигин чектөөгө, телефонду алып коюуга ж.б. эч кимдин укугу жок. Паспортту алып коюу жана эркиндикти чектөө- бул олуттуу кылмыш аракет жасаганга барабар: мындай учурда полицияга кайрылыңыз!
- **жардам сурап кайрылыңыз:** укугуңузду коргоого сизге полиция, прокуратура, эмгек боюнча Мамлекеттик инспекциясы, сот, адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу

адам, коомдук уюмдар жардам беришет. Керектүү байланыш даректерди төмөдөгү “Пайдалуу даректер жана телефондор” деген бөлүмдөн тапсаңар болот.

# Эмгек макулдугун түзүү

Эмгек макулдугу-жумушчу менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы алардын укуктары менен милдеттерин көрсөткөн келишим (РФнын Эмгек Кодексинин (ТК РФ) 15, 16, 56 беренелеринин негизинде).

Сиз жумуш берүүчү тарабынан кол коюлган эмгек макулдуктун бир нускасын сөзсүз колуңузга алышыңыз керек.

Эмгек макулдугунда төмөндөгүлөр көрсөтүлүшү керек: (РФнын Эмгек Кодексинин 57- беренесинин боюнча):

- жумушчунун аты жөнү жана паспорттогу маалыматы;
- жумушчунун аты жөнү, жумуш берүүчүнүн аталышы жана юридикалык дареги;
- жумушчунун кызматы жана эмгек милдеттенмеси;
- жумуштун орду-мекеменин учурдагы дареги;
- жумуштун башталуу убактысы, эмгек келишимдин иштөө мөөнөтү;
- эмгек үчүн акы төлөө шарттары, эмгек акынын, майананын, кошумча эмгек акынын өлчөмү;

Жумушта толук иштеген жумушчунун эмгек акысынын өлчөмү (МРОТ) эмгек акынын минималдык өлчөмүнөн ылдый болбош керек -2019-жылдын 1-июлуна карата Россиядагы бир айлык эмгек акынын минималдык өлчөмү 11200 рубль түзөт, Санкт-Петербургда - 18000 рубль, Ленинград областы – 12000 рубль, Москва областы – 14200 рубль, Москва шаары – 19321 рубль түзөт.

- эмгек акыны төлөө мөөнөтү жана тартиби;
- жумуш убактысынын режими;

Иш күн 8 сааттан узак болбошу керек, бир иш жума-40 саатты түзүшү керек. Жумуш убактысынан ашык иштеген учурда кошумча акы төлөнөт (РФнын Эмгек Кодексинин 152,153,154- беренелери боюнча)

- жумушчунун милдеттүү түрдө социалдык камсыздандыруу боюнча шарттары-бир жылда бир төлөнүүчү эмгек өргүү (28 жумушчу күндөн кем эмес), больничный (ооруп калган учурда) жана кырсыктан камсыздандыруу (РФнын Эмгек Кодексинин 115,183,327.3- беренелери)
- башка мекемелерде иштөөгө мүмкүндүк берүү.

Шарттуу эмгек (жумуш берүүчүнүн өз жумушчуларын башка мекемелерге эмгек макулдугун түзбөй туруп жиберүү) РФда тыйуу салынган.

Жумушка орноштуруучу жеке агенттиктер катары катталган мекемелер гана өзүнүн жумушчуларын башка мекемелерге же физикалык жакка жибере алышат, бирок алар төмөндөгүлөргө милдеттүү:
- чет элдик жарандын үчүнчү жакта жумуш иштей ала тургандыгы, аны менен түзүлгөн эмгек макулдукта көтсөтүлүшү керек;
- жумушчуну башка уюмга иштегенге жиберген сайын аны менен кошумча макулдук түзүшү керек.

Жумушка орноштуруучу жеке агенттиктерге кайрылганда – жогорудагы шарттар макулдукта көрсөтүлгөнүн текшериңиз.

**Жумуш берүүчү милдеттүү** (РФнын Эмгек Кодексинин 22- беренесине байланыштуу):
- Сиздин эмгек акыңызды кечиктирбей, кемитпей төлөп берүү;
- эмгек коопсуздугунун нормаларына жооп бере турган жумушчу орунду камдап бериши керек;
- жумушка патенттин жарактуу кезинде Сизге РФнын аймагында убактылуу жүрүүнүн мөөнөтүн узартуу;
- мекемеде кабыл алынган өзгөчө эрежелер менен тартиптер жөнүндө билдирип туруу;
- иш учурунда травма алган же кырсыкка кабылган учурда-Сиздин чыгымдарыңызды төлөп берүү;
- иш учурунда чет элдик жарандардын укугун тебелеп, басынтпоо;

**Сиз милдеттүүсүз:**
- эмгек макулдугунун шарттарын жоопкерчилик менен аткаруу;
- жумуштан бошонууга 14 күн калганда жумуш берүүчүгө жазуу түрүндө кайрылуу;

- эмгек тартибинин эрежелерин жана техникалык коопсуздукту сактоо;
- жумуш берүүчүнүн эмеректерин этияттык менен колдонуу;
- адамдын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч туулган учурлар жөнүндө жумуш берүүчүгө маалымдоо;
- Эмгек, медициналык китепчелерин, ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисти алууга активдүү катышуу;

**Сиздин укугуңуз бар** (РФнын Эмгек Кодексинин 21- беренесине байланыштуу**)**

- өмүрүңүзгө жана ден соолугуңузга коркунуч туудурган иштерди аткаруудан баш тартуу;
- 3 жумушчу күндүн ичинде эмгек макулдуктун бир нускасын, эсеп барактарын, жана башка, мөөнөттөр жана төлөнгөн эмгек акынын өлчөмү жөнүндө справкаларды талап кылуу;
- укуктарыңызды коргоо үчүн мамлекеттик эмгек испекциясына, Прокуратурага жана сотко кайрылуу;

Эмгек мыйзамдарына байланыштуу, Сизге эмгек акы төлөбөй же Сиз менен эмгек макулдугун бузгандан кийин 3 ай бүтө электе сотко кайрылууга укугуңуз бар. Этият болуңуз жана сотко мүмкүн болушунча өз убагында кайрылыңыз (РФнын Эмгек Кодексинин 392- беренеси)

Эмгек макулдугунун үлгүсү менен «Добро пожаловать в Санкт-Петербург!» (Санкт-Петербургга кош келиңиз!)сайтынан migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru «Трудоустройство»- «Как выглядит трудовой договор?» ("Жумушка орношуу"- "Эмгек макулдугу кандай болот")бөлүмүнөн таанышсаңыз болот.

# Жарандык-укуктук макулдукту түзүү

Жумушка орношууда жарандык-укуктук макулдукту түзүү-кызмат көрсөтүү жөнүндөгү келишим.

Мындай макулдуктарды физикалык жак менен ошондой эле мекемелер менен түзсө болот. Мындай макулдуктардын мисалдары: курулуш подряд макулдугу, кызмат көрсөтүү макулдугу ж.б. Мындай макулдук менен Сиз эмгек майана эмес, аткарылган иштин көлөмүнө жараша ыраазычылык акы аласыз.

Макулдуктун шартына макул эмес болсоңуз ага кол койбоңуз: Сиз мындай келишимдин тең укуктуу мүчөсүсүз жана Сиз өзүңүздүн шартыңызды койсоңуз болот!

Көбүнчө жарандык-укуктук макулдуктун негизинде мигранттар менен мамилени аутсорсинг компаниялары (мисалы, көчө тазалагычтар, жардамчы жумушчулар) түзүшөт. Алар өз жумушчуларын башка жумуш берүүчүлөргө: курулуштарга, гипермаркеттерге ж.б. арендага беришет.

Сиз сөзсүз жумуш берүүчү тарабынан кол коюлган жарандык-укуктук макулдуктун бир нускасын алышңыз керек.

Жарандык-укуктук макулдукта төмөнкүлөр жазылышы керек:
- жумушчунун аты жөнү жана паспорттогу маалыматы;
- жумушчунун аты жөнү, жумуш берүүчүнүн аталышы жана юридикалык дареги;
- жумушчунун  кызматы жана эмгек милдеттенмеси;
- жумуштун орду-мекеменин учурдагы дареги;
- жумуштун башталуу убактысы, жумушту аткаруу мөөнөтү/ кызмат көрсөтүү;
- аткарыла турган иштин өлчөмү;

Аткарыла турган иштин өлчөмү так көрсөтүлгөнүн текшериңиз- Сиз ала турган ыраазычылык акы аткарылган иштин өлчөмүнө жараша болот.
- шарттар, иштөө режими жана ыраазычылык акынын өлчөмү;

Ыраазычылык акыны төлөөнүн конкреттүү шарттарына сөзсүз көңул буруңуз- алар мөөнөткө,аткарылган иштин сапатына жана көлөмүнө жараша болуп  башка кошумча кызматтар менен аныкталышы мүмкүн.
- ыраазычылык акыны төлөө мөөнөтү жана тартиби;
- жумуш берүүчүнүн милдеттери жана жоопкерчиликтери- мисалы, иш куралдары менен камсыз кылуу ж.б.;
- жумушчунун  милдеттери жана жоопкерчиликтери;
- жумуш берүүчүнүн  колу жана мөөрү, жумушчунун колу;
- макулдуктун номери жана түзүлүү датасы.

Жарандык-укуктук макулдуктун шарттарын аткаруу жана кызмат көрсөтүү **аткарылган ишти өткөрүп берүү жана кабыл алуу актысы** менен тастыкталат. Ал жерде жумушчу жана жумуш берүүчү иштин аткарылгандыгын, ыраазычылык акынын жумушчуга берилгенин жана тараптардын бири бирине нааразычылык жоктугун тастыкташат. Акт 2 нускада түзүлөт жана кол коюлат-бир нускасы жумуш берүүчүдө калат, экинчиси жумушчуга берилет.

Көпчүлүк учурда аткарылган ишти өткөрүп берүү, кабыл алуу жана кызмат көрсөтүү актысы жумуш берүүчү тарабынан макулдуктун текстине киргизилет. **Этият болуңуз-** аткарылган иш үчүн ыраазычылык акыны алмайын, аткарылган ишти өткөрүп берүү, кабыл алуу актысына кол койбоңуз.

Эсиңизде болсун-жарандык-укуктук макулдуктун шарттары россиялык мыйзамдарга каршы боло албайт! Жумуш берүүчү Сизди мажбурлап иштете албайт, айып пул сала албайт, ыраазычылык акы төлөөдөн баш тарта албайт, иштөөнүн коопсуздук нормаларын сактоону камсыздоодон баш тарта албайт, Сиздин уруксаатыңыз жок жумушка ала албайт.

Макулдукта көрсөтүлбөгөн бардык башка иштерди жумуш берүүчү россиялык мыйзамдарга ошону менен бирге эмгек мыйзамдарына жараша жүргүзүшү керек.

Жарандык-укуктук макулдуктарды түзүүдө, жумуш берүүчүлөр көпчүлүк учурда жумушчуга карата жоопкерчиликтен жана кепилдиктен кутулууга аракет кылышат. Этият болуңуз-эгерде Сиз мекемеде дайыма жана бир эле кызматта иштесеңиз, Сиз менен эмгек макулдугун түзүүлөрү керек.

Сиздин укугуңуз бар:

- өмүрүңүзгө жана ден соолугуңузга коркунуч туудурган иштерди аткаруудан баш тартуу;
- бардык келишимдердин бирден нускасын, эсеп барактарын, жана башка, мөөнөттөр жана төлөнгөн эмгек акынын өлчөмү жөнүндө справкаларды талап кылуу;
- укуктарыңызды коргоо үчүн мамлекеттик эмгек испекциясына, РФнын ИИМинин Тышкы Миграция боюнча Мамлекеттик

Башкармалыгына (ГУВМ МВД РФ), Прокуратурага жана сотко кайрылуу;

# Россия Федерациясынын миграция мыйзамын бузуудагы жоопкерчилик

Чет элдик жарандар тарабынан миграция мыйзамдарын бузуу боюнча катуу жоопкерчиликке тартылуу каралат. Сиздер россиялык мыйзамдардын талаптарын сактап, аларды бузуудан алыс болушуңар тийиш!

**РФна кирүүгө тыйуу салуу.**

Эгер сиздерде РФда жүргөн мезгилде медициналык камсыздандыруу полиси жок болсо, сот тарабынан айыпка тартылган болсоңуз, төлөнбөгөн эсеп, салык же айып пул болсо, **РФна кире албайсыздар**.

**РФна киргенге 3 жылга тыйуу салынат**, эгерде:

Сиздин медициналык камсыздандыруу полисиңиз жок, же сотто ишиңиз каралып жатса-Сизди РФна киргизбөөгө укугу бар.

Сиздин РФда төлөнбөгөн карызыңыз, салык же айып пул болсо, Сизди РФна аларды төлөмөйүн киргизбейт.

Эгерде Сиз жумушка орношуу боюнча документтерди албай 90 күндөн ашык, суммалаганда 180 күн мезгил ичинде РФда болсоңуз-Сизге РФна кирүүгө 3 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз 3 жылдын ичинде 2 же андан көп жолу администрациялык бузууларды жасап ал үчүн Сизге айып пул салынса- Сизге РФна кирүүгө 3 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз 1 жылдын ичинде 2 же андан көп жолу миграциялык бузууларды жасагандыгыңыз үчүн администрациялык жоопко тартылсаңыз- Сизге РФна кирүүгө 5 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз РФда болуунун мыйзамдык мөөнөтүн 30 күндөн ашырсаңыз- Сизге РФна кирүүгө 3 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз РФда 180 күндөн 270 күнгө чейин мыйзамсыз жүрсөңүз- Сизге РФна кирүүгө 5 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз РФда 270 күндөн ашык мыйзамсыз жүрсөңүз- Сизге РФна кирүүгө 10 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз мурун РФнан чыгарылсаңыз- чыгарылган убакыттан баштап Сизге РФна кирүүгө 5 жылга уруксаат берилбейт.

Эгерде Сиз мамлекеттин эсебинен чыгарылсаңыз-Сиз РФна ал чыгымды төлөп беришиңиз керек, антпесе кирүү мөөнөтү өтсө да өлкөгө кирүүгө уруксаат берилбейт.

Эгерде сиз миграциялык каттодон өтүүдө же жумушка орношууда ортомчуларга кайрылган болсоңуз, алар сизге жасалма документ жасап бериши мүмкүн, андыктан сиз РФна кирүүгө тыйуу салган мыйзамга туш келесиз.

РФна кирүүгө миграциялык кызматы тарабынан тыйуу салынгандыгын билиш үчүн россиялык авиакомпанияларга же Россиянын ИИМнин Тышкы Миграция боюнча Мамлекеттик Башкармалыктын (ГУВМ МВД России) сайтына кайрылуу керек http://services.fms.gov.ru/info-service.htm?sid=3000

**РФна кирүүгө тыйуу салууну алып салуу**

РФна кирүүгө тыйуу салуу кайсы учурда алып салынат:

- гуманитардык негизде-эгерде сиз РФнан мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө чыгып кете албай калганыңыздын себебин тастыктап бере алсаңыз, мисалы ооруп калуу же оорулуу туугандарды багып калуу же башка ар түрдүү шарттардын болуп калуусу;
- үй бүлөнүн биримдиги үчүн-эгерде сиздин үй бүлөнүн мүчөлөрү РФнын жарандары болсо (күйөөсү\ аялы, балдары),- Сиз алардан бөлүнүп жашай албайсыз;
- миграциялык амнистиянын таптиби менен- амнистияны жүргүзүүнүн шарттары жана мөөнөттөрү РФсы менен мигранттын өз өлкөсүнүн ортосундагы макулдаштык тарабынан белгиленет
- жаңы жагдайлардын пайда болушу менен-эгерде чечим туура эмес кабыл алынса;

- эгерде тыйуу салынган мөөнөт өтсө
- кирүүгө тыйуу салуунун себептери жоюлган учурда
- РФна кирүүгө тыйуу салууну Россиянын ИИМинин миграция маселелери боюнча Башкы Башкармалыкка кайрылуу менен алып салса болот.

РФна кирүүгө тыйуу салууну кайра карап чыгуу арызын Россиянын ИИМинин (МВД России) сайтындагы форманы пайдаланып электрондук түрдө жиберсе болот **https://мвд.рф/request_main**

Арызга, кирүүгө тыйуу салууну алып салуунун негизги себептери көрсөтүлгөн документтер тиркелиши зарыл: РФнын жарандарынын балдарынын туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрү, никени каттоо тууралу күбөлүк, ооругандыгы тууралу справка ж.б.

Кирүүгө тыйуу салууну алып салууну кайра карап чыгуу боюнча арызды РФна кирүүгө тыйуу салуу боюнча чечим чыгарган РФнын ИИМинин аймактык Башкармалыгына берсе болот.

РФна кирүүгө тыйуу салууну алып салууну карап чыгуу арызын кабыл албоо чечимин чыгарган миграция маселелери боюнча жооптуу Башкармалыкка жакын жайгашкан сотко даттануу менен кайрылса болот. Даттануу арызы жарандын өзү же анын ыйгарым укуктуу адамынын же адвокаттын жардамы менен берилет.

**2. Административдик жоопкерчилик**

Эгерде Сиз:
- миграциялык каттоодон өтпөсөңүз (миграциялык каттоодон өткөндүгүн тастыктаган документ);
- полиция текшерген учурда керектүү документтериңиз жок болсо;
- миграциялык картага өлкөгө кирүүнүн жалган максатын көрсөтсөңүз;
- керектүү документтерсиз иштөө же патентте көрсөтүлгөн адистик менен иштебесеңиз;
- миграциялык каттоодон өтүүдө жалган маалыматтарды берсеңиз.

Сизге 2000-7000 рубль айып пул салышат жана мүмкүн РФнан чыгарышат (РФнын Административдик укук бузуулар боюнча Кодекстин 18.8, 18.10, 19.27-беренелерине ылайык).

Миграция чөйрөсүндөгү администрациялык укук бузуулар үчүн чараларды сот аныктайт. Соттук отурумда сиз коргоочунун жардамын колдонууга укуктуусуз. Сиздин талабыңыз менен котормочу алып келишиңиз керек. Соттун чечими сиз түшүнгөн тилде айтылышы зарыл. Соттун чечими жазуу түрүндө колго тийгенден кийин гана 10 күндүн ичинде макул эместигиизди билдирип, даттануу менен кайрылсаңыз болот.

РФнын ИИМинин Тышкы Миграция Башкармалыгынын билдирүүсүнөн кийин (УВМ УМВД России) РФдан чыгаруу чет элдик жарандын өзүн өзү каржылоосу менен ишке ашат.

Эгерде жарандыгыңызды тастыктаган документтер жок болсо, же каттоодон өтпөсөңүз, же кайрадан укук бузууларга барсаңыз, сот сизди чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайга (ЦВСИГ) киргизүү боюнча чечим кабыл алат.

Эгерде сизди чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайга (ЦВСИГ) киргизип коюшса, тез арада өзүңүзгө керектүү документтерди чогултууга аракет жасаңыз: эгерде чет өлкөлүк жарандын ким экендиги же жарандыгы аныкталбаса, алардын чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайга (ЦВСИГ) камалуусу 2 жылга созулушу мүмкүн.

**ЦВСИГ №1 ГУ МВД России по Санкт-Петербургу и Ленинградской области**
Санкт-Петербург, Красное Село, Кингисеппское шоссе, 53А
+7 (812) 749-90-29, +7 (812) 749-90-34, +7 (812) 417-29-48
электронная почта – suvsig-spb@mail.ru

**ЦВСИГ №2 ГУ МВД России по Санкт-Петербургу и Ленинградской области :** Ленинградская область, г. Гатчина, Мариенбург, промзона 2 участок 3, 8 (813) 716-00-94

**ЦВСИГ по Москве:** 64-км Варшавского шоссе, пос. Вороновское, д. Сахарово, 8 (495) 633-32-83.

**ЦВСИГ по Московской области:** городское поселение Егорьевск, д. Костылёво, 107, 8 (496) 405-63-07

Чет өлкөлүк жарандардын убактылуу кармоочу жайына камалган учурда, сизге Коомдук Көзөмөлдөө комиссиясы жардам көрсөтө алат. Коомдук Көзөмөлдөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн чет элдик жарандардын жашоо шартын текшерип турууга укугу бар жана алар сиздерге акысыз юридикалык жардам көрсөтө алышат.

**Коомдук көзөмөлдөө комиссиясы**
**Санкт-Петербург:** *onkspb.ru,* mail@onkspb.ru, 8 (931) 352-06-35
**Ленинградская область:** leningradskajaoblast.onk.su 8 (911) 955-08-52
**Москва:** *onk-moscow.ru* 8 (495) 228-07-50
**Московская область:** *moskovskajaoblast.onk.su* 8 (916) 675-80-85

**3. Кылмыш жоопкерчилиги**
Жалган жасалма документтерди колдонгондугу жана жасагандыгы үчүн чет элдик жарандар кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

Ортомчуларга кайрылбагыла-алар аркылуу алынган документтер жасалма болуп калышы мүмкүн!

Жалган документти жасагандыгы үчүн 2 жыл эркинен ажыратуу же эркиндигин чектөө жазасы каралган. Жалган документти колдонгондугу үчүн 80 миң рубль айып пул салынат же 6 айга абакта камалат ( 327-берене РФнын Кылмыш жаза Кодекси).

Кирүүгө тыйуу салынгандыгын билип туруп РФнын чек арасынан өткөндүгү үчүн чет элдик жарандарга 4 жылга эркинен ажыратуу же 300 миң рубль айып пул салуу жазасы каралган (322берене РФнын Кылмыш жаза Кодексинин 2-бөлүмү).

# Медициналык жардам

Медициналык кызматты пайдаланууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн, чет элдик жаранда ыктыярдуу медициналык полистин (ДМС) болуусу зарыл. Ал камсыздандыруу компаниялардын кеңселеринде берилет.

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси (ДМС) төмөндөгү укуктарды берет:

- -поликлиникадан ыкчам жардам алуу;
- -медициналык тез жардам алуу;
- -ооруканадан ыкчам жардам алуу;
- -ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисинде көрсөтүлгөн башка кызматтарды алуу.

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин алуу үчүн:

- паспорт, нотариус аркылуу тастыкталган орусча котормосу менен;
- миграциялык карта;
- каттоо (миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралуу билдирүү).

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси камсыздандыруу компанияларынын кеңселеринде, “Россиянын Почтасы” (“Почта России”) бөлүмдөрүндө берилет.

Эгерде Сиз ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин өзүңүздүн жумуш берүүчүңүз аркылуу алсаңыз, Сизге мекеменин башчысынан анын колу коюлган ишеним кат керек.

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисинин баасы сиз ала турган медициналык кызматтын санына жана мөөнөттөрүнө жараша болот.

РФда эмгек макулдугу менен иштеп жүргөн ЕАЭБке (ЕАЭС) кирген өлкөлөрдүн жарандары милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин **(ОМС)** ала алышат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин **(ОМС)** алуу үчүн Армения Республикасы, Беларусия Республикасы, Казахстан Республикасы и Кыргыз Республикасынын жарандары медициналык камсыздандыруу мекемесин тандап алуусу керек-аны өзү жашаган жердин поликлиникасынан тапса болот.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин алуу үчүн каттоодон өткөн жердин поликлиникасына төмөндөгү документтердин түп нускасын алып келүү керек:

- Паспорт, нотариус аркылуу тастыкталган орусча котормосу менен;

- Жеке өздүк эсептин камсыздоо номери, аны Пенсиондук Фонддон же Көп функционалдуу борборлордон алса болот (СНИЛС);
- Эмгек макулдугу;
- Киргендиги тууралуу билдирүү бланктын айрылып алынган бөлүгү (каттоо) же анын көчүрмөсү.

ЕАЭБдин (ЕАЭС) жарандарына, РФдагы жумушчуларга, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси (ОМС) кагаз түрүндө жана иштөө мөөнөтү менен берилет. Иштөө мөөнөтү календардык жылдын аягына чейин, бирок эмгек макулдугунун мөөнөтү өтө электе болушу керек.
Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин (ОМС) төмөндөгүлөр дагы алса болот:

- **убактылуу жашоого уруксааты** болсо (РВП)**;**
- **жашап туруугa** укугу болсо (ВНЖ)**;**
- **убактылуу баш паанек алуу тууралу күбөлүгү болсо;**
- **качкындын күбөлүгү болсо.**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин (ОМС) жана ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин (ДМС) берген мекеменин аталышын жана телефон номерин сөзсүз эстеп калуу керек-эгерде Сиз полисти жоготуп алсаңыз, касыздандыруу компаниясына кайрылып аны кайра алууга болот же эгерде медициналык тез жардам керек болуп калса, аны алгандыгыңызды тастыктаганга болот.
Медициналык камсыздандыруу полисинин көчүрмөсүн жасатып коюу пайдалуу.

**Кырсык болгондо, катуу травма алганда, тамак аштан ууланганда, катуу ооруганда медициналык тез жардам кызматы медициналык камсыздандыруу полис жок болсо дагы АКЫСЫЗ жүргүзүлөт**

Медициналык тез жардам алып кеткен адамдан кабар алыш үчүн Санкт-Петербург шаары жана Ленинград областындагы кырсыктарды каттоо бюросуна кайрылгыла- 8 (812) 573-66-66, 8 (812) 573-66-63; Москва шаары жана Москва областы - 8(495) 688-22-52.

Эгерде медициналык тез жардам чакырганга келбесе же Сизди дарылагандан баш тартса медициналык тез жардам кызматына даттануу боюнча дарекке телефон чалыңыз: 8 (812) 571-45-04 (Санкт-Петербург шаары); 8 (812) 456-11-33 (Ленинград областы); 8 (495) 777-77-77, 8 (499) 251-83-00 (Москва шаары); 8 (495) 562-35-35 (Москва областы).

Медициналык жардам алууда көйгөйлөр болгон учурда төмөндөгү дарекке кайрылыңыз:

- Саламаттык сактоо Министрлигинин шашылыш линиясына: 8 800 200-03-89

# Полиция менен өз ара мамиле

Полиция кызматкерлеринин иши- элдин улутуна, этникалык, диний жана башка тиешелүүлүгүнө карабастан тартипти сактап, элдин укуктарын жана эркиндигин коргоо.

Эгерде Сиз кылмыштын күбөсү же жабырлануучу болуп калсаңыз-полицияга кайрылыңыз.

Россиянын полиция кызматкерлеринин жүрүм турум эрежелерин жана ыйгарым укуктарын РФнын “Полиция жөнүндөгү” мыйзамы аныктайт. (Федералдык мыйзам № 3-  2011жылдын 07.02).

**Полиция**
**02 стационардык телефондон**
**“102” же “112” мобилдик телефондон**
**www.мвд.рф**

## Докменттерди текшерүү

Документтерди кызматтык милдетин аткарып жүргөн гана полиция кызматкерлери текшерүүгө укуктуу. Аларда полициянын формасы жана атайын төш белгиси (жетону) болушу керек-**анын номерин эстеп же жазып алуу керек.**

Төмөндөгү документтер дайыма сиздин жаныңызда болууга тийиш:

- паспорт
- маграциялык карта
- миграциялык каттоодон өткөндүгүңүз жөнүндө билдирүү

- алдын ала салык төлөмдөрдү төлөөнүн дүмүрчөгү менен жумушка патент
- жарактуу ыктыярдуу(ДМС) же милдеттүү (ОМС) медициналык камсыздандыруу полиси

**Бардык документтердин көчүрмөлөрүн жасатып, аларды документтердин түп нускасынан бөлөк жерде сактагыла-документтерди жоготуп алсаңар аларды кайра жасоо оңой болот.**

Сизге кайрылган учурда полиция кызматкери:
- өзүнүн наамын, кызматын, аты жөнүн айтышы керек
- сиздин талабыңыз менен өзүнүн ким экендигин тастыктаган күбөлүгүн көрсөтүшү керек
- документти текшерүүнүн себебин жана максатын түшүндүрүшү керек («Полиция жөнүндөгү» Мыйзам 4-пункт 5-берене)

Полиция кызматкеринде сиздин документтериңиздин жасалма эмес экендиги тууралу күмөн саноо пайда болушу мүмкүн. Мындай учурда ал сизди жакынкы полиция бөлүмүнө барып, документтерди маалыматтарды каттоо базасы боюнча текшерүүнү суранат. Мындай учурда туугандарыңызга же теңтуш жоролоруңузга телефон чалып кайда жүргөнүңүздү жана ким менен сүйлөшүп жатканыңызды айтышыңыз керек!

Эсиңизде болсун-пара берүү - кылмыш кылганга барабар (полиция кызматкери үчүн эле эмес, берген адам үчүн дагы)! Полиция кызматкерине акча бербегиле!

## Кармалган учурда

Кармалган адамдын телефон аркылуу сүйлөшүп алууга укугу бар («Полиция жөнүндөгү» Мыйзам (Закон “О полиции”) 7-пункт 14-берене).

Кармалгандыгы жөнүндө токтом түзүлөт, анда полиция кызматкери төмөндөгүлөрдү көрсөтөт:
- токтомдун жазылган датасы, убактысы жана жери;
- токтом жазган полиция кызматкеринин кызматы, аты жөнү;
- кармалган адам жөнүндө маалымат, датасы, кармалган жери,

кармоо үчүн негиздер жана себеби («Полиция жөнүндөгү» Мыйзам 14-пункт 14-берене).

Кармоо жөнүндөгү токтомго аны түзгөн полиция кызматкери кол коёт.

Эгерде Сизди кармаса, Сиздин да кол коюуңузду суранышат.

Эгерде токтомдун мазмуну менен макул болбосоңуз-“Токтомдун мазмуну менен макул эмесмин” деп жазып, себебин көрсөтүңүз. Мисалы: “анткени токтомдо көрсөтүлгөн иштерди жасаган жокмун”.

Эгерде Сиз орус тилинде жакшы түшүнбөсөңүз, Сиз коргоочу же котормочуну талап кылсаңыз болот; Эгерде сиздин сурооңуз боюнча котормочу таап беришпесе Сиз токтомго аны жазып койсоңуз болот (орус тилинде же өз эне тилиңизде). Мисалы: “орус тилинде жазылган токтомдун текстин түшүнбөйм”.

Эгерде Сиз токтомго кол коюудан баш тартсаңыз, полиция кызматкери ал тууралу токтомго сөзсүз жазышы керек. («Полиция жөнүндөгү» Мыйзам 15-пункт 14-берене).

Сөзсүз түрдө кармоо жөнүндөгү токтомдун бир нускасын берүүнү талап кылыңыз-Сиздин талабыңызды полиция кызматкерлери аткарышы керек («Полиция жөнүндөгү» Мыйзам 15-пункт 14-берене).

Соттун чечими чыкканга чейин жаран **48 сааттан ашык эмес** мөөнөткө камалышы мүмкүн.

Эгерде кармалган жаран орус тилин жакшы билбесе, коргоочуну жана котормочуну талап кылса болот.

Полиция кызматкерлери Сиздин документтериңизди айып пул же башка төлөмдөрдү төлөгөнгө чейин күрөөгө алып калбашы керек-бул мыйамсыз иш.

**Сизди мыйзамсыз түрдө кармаса же полиция бөлүмүндө кармаса, Коомдук Көзөмөлдөө комиссиясына (ОНК) кайрылыңыз. Коомдук Көзөмөлдөө комиссиясынын (ОНК)**

**мүчөлөрүнүн чет элдик жарандардын жашоо шартын текшерип турууга укугу бар жана алар сиздерге акысыз юридикалык жардам көрсөтө алышат.**

**Коомдук көзөмөлдөө комиссиясы**
**Санкт-Петербург:** *onkspb.ru,* mail@onkspb.ru, 8 (931) 352-06-35
**Ленинградская область:** *leningradskajaoblast.onk.su* 8 (911) 955-08-52
**Москва:** *onk-moscow.ru* 8 (495) 228-07-50
**Московская область:** *moskovskajaoblast.onk.su* 8 (916) 675-80-85

## Текшерүүлөр (рейддер)

Документтер атайын жүргүзүлгөн рейд учурунда текшерилиши мүмкүн. Полиция кызматкерлери жана миграция маселелери боюнча Башкармалыктын кызматкерлери паспорт, маграциялык карта, миграциялык каттоодон өткөндүгүңүз жөнүндө билдирүү (регистрация), медициналык камсыздандыруу полисти текшеришет.

Текшерүүнүн жатыйжасында акт түзүлөт жана эгерде бузуулар аныкталган болсо административдик укук бузуу жөнүндө токтом жазылат же административдик укук бузуу боюнча иш козголот. Актынын же токтомдун бир нускасы кармалган адамга берилиши керек.

Миграция чөйрөсүндөгү административдик укук бузуулар жөнүндөгү токтом миграция маселелери боюнча Башкармалыктын кызматкерлери тарабынан түзүлөт. Токтомдун түзүлүшү айып пул төлөө дегенди билдирбейт. Сизге алар **административдик укук бузуулар жөнүндөгү токтом** бериши керек. Ал тууралу Сиз 10 күндүн ичинде сотко даттануу менен кайрылсаңыз болот.

Террордук актылардын кесепетинен метронун же бекеттердин кире беришинен метронун же бекеттердин полиция кыматкерлери сиздин рамкадан өтүшүңүздү же жүктү атайын детектордон өткөрүшүнүздү суранат. Бул иш аракеттер мыйзамдуу.

## Полиция кызматкерлеринин иш аракеттерине даттануу

Эгерде полиция кызматкерлери Сиздин укугуңузду тебелеп жатса, арыз кабыл алуудан баш тартса, өз милдеттерин аткарбаса, пара

талап кылса же зордук зомбулук көрсөтсө, Сиз мамлекеттик же коомдук уюмдарга жардам сурап кайрылсаңыз болот:

- ИИМдин Мамлекеттик (ГУ МВД) башкаруу бөлүмү, телефону 112 же 02;
- Жакынкы полиция бөлүмү;
- РФнын ИИМинин (МВД РФ) жакынкы райондук бөлүмүнө.

«Горячая линия» МВД РФ: 8 (800) 222-74-47

«Телефон доверия» ГУ МВД России

- по г. Москве: 8 (495) 694-92-29, по Московской обл.: 8 (495) 692-70-66
- по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области: 8 (812) 573-21-81
- Дежурная часть ГУ МВД России
- по г. Москве: 8 (495) 694-83-90, по Московской обл.: 8 (495) 609-49-52
- по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области: 8 (812) 573-20-49

Полиция кызматкерлеринин жасаган кылмыш иштери боюнча даттануу менен Россиянын ИИМинин Мамлекеттик Башкармалыгынын өздүк коопсуздук ыкчам-издөө бөлүмүнө кайрылса болот: 8 (495) 667-07-30.

Полиция кыматкерлери кенебестик мамиле кылса, кылмыш иши үчүн берилген арызды кабыл алуудан баш тартса, полиция кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттерине карата даттануу арыздарын кароо тартибин бузган учурда Сиз Прокуратурага кайрылсаңыз болот:

- г. Москвы: 8 (495) 683-68-74; Московской обл.: 8 (495) 628-27-88,
- г. Санкт-Петербурга: 8 (812) 315-48-53; Ленинградской обл.: 8 (812) 429-77-55.

Полиция кызматкерлеринин жемкорлук кылмыш иштерин иликтөө менен РФнын Тергөө комитетинин Башкы тергөө башкармалыгы алектенет.

- по г. Москве: 8 (495) 690-25-28, по Московской обл.: 8 (499) 184-00-65,

- по г. Санкт-Петербургу: 8 (812) 571-00-40, 8 (812) 570-66-71, по Ленинградской обл.: 8 (800) 200-97-80.
- Уполномоченный по правам человека
- в г. Москве: 8 (495) 957-05-85, в Московской обл.: 8 (495) 650-20-38,
- в г. Санкт-Петербурге: 8 (812) 374-99-39, в Ленинградской обл.: 8 (812) 296-60-13.

Жогорудагы ар бир мекемеге Сиз телефон чалып, жазуу түрүндө арыз жазып же электрондук билдирүү менен кайрылсаңыз болот.

Жазуу түрүндөгү арызга Сизге 30 күн ичинде жооп келиши керек.

## Балдарга билим берүү

Чет элдик жарандардын балдары РФнын жарандарынын балдарындай эле бала бакчага жана мектепке акысыз барууга укуктуу.

Балдар РФда мыйзамдын негизинде болуусу керек, б.а. миграциялык картасы жана миграциялык каттоодо турушу керек (жашаган жери боюнча регистрация).

**Чет элдик жарандардын 18 жашка жете элек балдары РФда иштөөгө укугу жок!**

ЕАЭБ жөнүндөгү Келишимдин 5-п.97-беренесне ылайык, Евразиялык Экономикалык Биримдиктин (ЕАЭС) өлкөлөрүнүн жарандары-эмгек мигранттардын балдары РФда алардын ата энелеринин эмгек макулдуктарынын негизинде жана алардын мөөнөтү бүтө электе жүрө алышат.

**Мектеп жашындагы балдардын ата энелери балдарын мектепке берүүгө милдеттүү.**

Бала бакчага жана мектептин биринчи классына кирүү үчүн каттоодон өткөн жериндеги көп функционалдуу борборго (МФЦ) кайрылуу керек.

**Мектепке орноштуруу үчүн райондук билим берүү бөлүмүнө (РОНО) кайрылуу керек.** Өзүнүн районундагы билим берүү

бөлүмдүн дарегин интернеттен же коомдук уюмдарга кайрылып тапса болот.

**Эгерде ата эне мектепке барып, баласын мектеп албай койсо, райондук билим берүү бөлүмүнө (РОНО) кайрылышы керек, ал жактагылар райондун бир мектебинен орун таап берүүгө милдеттүү.**

Кээ бир учурларда мектепке алууда баланы кайсы класска жиберүүнү аныкташ үчүн мугалимдер бала менен баарлашуу өткөрүшөт. Эгерде бала орус тилинде жакшы сүйлөй албаса, мугалимдер балага бир класс ылдый отурууну сунуш кылышат, бул андай деле чоң көйгөй эмес.

**Бала бакчага жана мектепке керектүү документтер(түп нускалар жана көчүрмөлөр)**

- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн паспорту;
- баланын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү;
- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн миграциялык картасы;
- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралу билдирүүсү  (бала мектепке же бала бакчага бара турган райондо);
- баланын медициналык картасы;
- 026 медициналык справкасы жана прививкаларды алгандыгы тууралу сертификат (балдардын медициналык клиникиларында төлөм менен берилет);
- баланын мурдагы окуган мектебинен алынган өздүк делосу (эгерде ал окуп жүргөн болсо).

Адатта  документтердин нотариус аркылуу тастыкталган орусча котормосу дагы талап кылынат, кээде баланын медициналык камсыздандыруу полисин дагы талап кылышат.
Эгерде ата энелердин бирөө ЕАЭБдин (ЕАЭС) жараны болуп анын эмгек же жарандык-укуктук макулдугу болсо, анын негизинде баланын каттосун макулдуктун мөөнөтү бүткөнчө узартып койсо болот.

# РФна мекендештердин өз ыктыяры менен көчүп келүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча мамлекеттик программа.

Россияда РФнын аймагына мекендештердин өз ыктыяры менен көчүп келүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча мамлекеттик программа иштейт. Программанын максаты- мекендештерге жана алардын үй бүлөлөрүнө Россияга көчүп келүүгө жана алардын жайгашуусуна, алардын жумушка орношуусуна, мамлекеттик кызмат алуусуна жана РФнын жарандыгын алуусуна көмөк көрсөтүү.

Мекендештер-бул:

1)Россия Федерациясынын аймагынан тышкары жашаган, Россия Федерациясы менен рухий, маданий жана укуктук байланыштарды түзүүдө эркин тандоо жасаган адамдар;

2) Россия Федерациясынын аймагында мурун жашап кеткен адамдардын урпактары, анын ичинде:

- СССР дин жараны болушкан, азыркы учурда мурун СССРдин составына кирген өлкөлөрдө жашаган, ошол өлкөлөрдүн жарандыгын алган адамдар;
- Россия империясынан, Россия Республикасынан, РСФСР, СССР жана Россия Федерациясынан чыккын, азыр чет элдин жараны болуп калган адамдар жана алардын урпактары;

Мамлекеттик прораммага катышууга төмөндөгүлөр укуктуу:

- 18 жаштан баштап чет өлкөдө дайыма жашаган же РФда убактылуу, мыйзамдын негизинде жашаган орус тилин жакшы билген, ишке жарамдуу, ошондой эле РФнан убактылуу баш паанек алган мекендештер. Мекендештер менен бирге программага алардын үй бүлө мүчөлөрү-жубайлар, балдары, бир тууган агалары/инилери же эжелери/сиңди/карындаштары, неберелери, чоң ата-чоң энелери, ата энеси, аталаш бир туугандары катыша алышат.

Мамлекеттик прорамманын катышуучусу болгон мекендешке РФнын Өкмөтү тарабынан белгиленген үлгүдөгү күбөлүк 3 жыл мөөнөткө берилет. Мекендештин үй бүлө мүчөлөрү Мамлекеттик прорамманын катышуучусу статусун алат.

**! Эгерде Сизге РФна кирүүгө тыйуу салынып же чектөө коюлса, мекендештердин көчүп келүү программасына катышууга болбойт!**

Мамлекеттик прорамманын катышуучусуна РФнын 76 региондорунун биринен жашай турган жер, фермердик же ишкердик жумуш тандоо, көчүп келген жеринде иштөө же окуу керек. Бул региондордун ар биринде мекендештердин көчүп келүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча өзүнүн программасы бар. Ал программа регионалдык отурукташуу аймактарын, программага катышуунун шарттарын жана көчүп келүүчүлөргө карата талаптарды бекитет жана аймактык жеңилдиктер жана жардам көрсөтүүнү карайт.

**Эң чоң колдоо көрсөтүү приоритеттүү отурукташтыруу аймагындагы иммигранттар үчүн каралган. Аларга: Бурятия жана Якутия республикалары, Транс Байкал, Камчатка, Приморск, Хабаров аймактары, Амур, Магадан, Сахалин, Иркутск областтары, Еврей автономдук областы кирет.**

**! Программага катышпайт: Санкт-Петербург, Москва, Севастополь, Москва жана Белгород областтары, Алтай жана Тыва республикалары, Чукотск автономдук аймак.**

**Көчүп келгендер укуктуу:**

- убактылуу жашоого уруксаат алуу, андан кийин жашап туруу укугун алуу жана 10-13 айдын ичинде приоритеттүү жана жеңилдетилген тартипте РФнын жарандыгын алууга;
- РФда жумушка патент албай иштөө;
- физикалык жактын кирешеси үчүн РФнын аймагында иштеген биринчи күндөн тартып 13 процент өлчөмү менен салык төлөө;
- билим берүүнүн, медицинанын, социалдык жардамдардын, калкты жумушка орноштуруу борборлордун акысыз кызматын пайдалануу (РФдын аймагында убактылуу жана дайыма жашоо үчүн документтерди алууда);

- РФнын жарандыгын алганга чейин ар бир айда жумушсуздук боюнча жардам менен камсыз болуу;
- программанын катышуучулары үчүн федералдык жана аймактык атайын жардамдын жана компенсациялардын ченемин алуу;

**Көчүп келүүчүлөрдү колдоого төмөнкүлөр кирет:**
1) келечектеги жашоо жерине пассажирдик транспорт менен көчүүгө кеткен чыгымдын ордун толтуруу
2) жүктөрдү деңиз жана темир жол аркылуу ташууга кеткен чыгымдардын ордун толтуруу
3)иммигрант статусун алуу үчүн өткөргөн документтердин мамлекеттик алууларына (гос пошлина) кеткен чыгымдардын ордун толтуруу
4) жүктөрдү кетип жаткан өлкөдөн алып чыгуу үчүн төлөнгөн салык жана бажы төлөмдөрүнө кеткен чыгымдардын ордун толтуруу

**! Чыгымдардын ордун толтурууну РФнын ИИМинин (МВД России) миграция маселелери боюнча аймактык Башкармалык жүргүзөт. Аны чыныгы, документ боюнча тастыкталган чыгымдар боюнча, көчүп келгендер, жаңы отурукташкан жерине каттоого тургандан кийин ишке ашырат!**

5) программанын катышуучуларынын социалдык пакети (мамлекеттик жана муниципалдык бала бакчалардын, билим берүү мекемелеринин, социалдык кызмат көрсөтүүнүн, саламаттык сактоо жана жумушка орноштуруу кызматы);
6) «көтөрүү төлөмдөрү»-үй куруу үчүн бир жолку берилүүчү жардам

**Приоритеттүү жайгаштыруу аймактарындагы «көтөрүү төлөмдөрүнүн» өлчөмү жана төлөө тартиби:**

- келгенден кийин жана келген жерине каттоого тургандан (регистрации по месту пребывания) кийин же жашаган жерине каттоого тургандан кийин-мамлекеттик программанын катышуучусуна 150 миң рубль өлчөмүндөгү жана анын үй бүлөсүнүн ар бирине 70 миң рубль өлчөмүндөгү акчалай жардам төлөнүп берилет.

- келген жерине каттоого тургандан 18 ай өтөндөн кийин (регистрации по месту пребывания) же жашаган жерине каттоого тургандан кийин-мамлекеттик программанын катышуучусуна 90 миң рубль өлчөмүндөгү жана анын үй бүлөсүнүн ар бирине 50 миң рубль акчалай жардамы төлөнүп берилет.
- мамлекеттик программага катышууга чейин ошол аймакта убактылуу же дайыма жашаган учурда- программага катышуучуга 50 жана 30 миң рубль, ал эми анын үй бүлөсүнүн ар бирине- 25 жана 15 миң рубль акчалай жардам биринчи жана экинчи этапта төлөнүп берилет.

РФнын башка субъекттеринде мамлекеттик программага катышуучуларга көтөрүү төлөмдөрү бир жолу- 20 миң рубль мамлекеттик программага катышуучуга жана анын үй бүлөсүнүн ар бирине 10 миң рубль төлөнүп берилет.

**! РФнын субъекттеринин аймактык мамлекеттик программалары тарабынан кошумча жана атайын акчалай жардамдар, колдоолор жана «көтөрүү төлөмдөрү» каралган. Алар жөнүндө кошумча билүү керек!**

**Мекендештердин көчүп келүү боюнча мамлекеттик программасына кантип катышса болот.**

**1) Отурукташуу аймагын тандап алып, аймактык программанын талаптары менен таанышуу**

РФнын көпчүлүк аймактарында көчүп келүү программасынын негизги шарты-аймакка керектүү, тажрыйбалуу адистерди жумушка орноштуруу болуп эсептелинет. Ошондуктан программанын катышуучусу 18-65 жашка чейинки адистер болууга тийиш.

**2) Жашай турган жерди, керектүү адистик боюнча жумушту таап, кабыл алуучу тарап (жумуш берүүчү) менен макулдашуу керек.**

**3) Мамлекеттик программанын катышуучусунун күбөлүгүн алуу**

Мамлекеттик программанын катышуучусунун күбөлүгүн РФнан тышкары жактан, же Россиянын аймагынан алса болот.

Чет өлкөдө жашаган мекендештер төмөнкү жерлерге кайрылса болот:

- РФнын ИИМининТышкы Миграция боюнча мамлекеттик Башкармалыгынын (ГУВМ МВД РФ) чет өлкөдөгү өкүлчүлүгүнө;
- РФнын чет мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө (чет өлкөдөгү россиялык элчиликтердин консулдук бөлүмдөрү)

РФда убактылуу же дайыма жашаган же Россиядан убактылуу баш паанек тапкан мекендештер Мамлекеттик программанын ишке ашырылышына катышкан РФнын субъектинин РФнын ИИМинин (МВД РФ) Миграция маселелери боюнча башкы бөлүмдүн аймактык органдарына кайрылса болот.

Күбөлүк алуу үчүн мамлекеттик программага катышкандыгы тууралу арыз жазуу керек. Арыздын үлгүсүн АИС «Соотечественники» сайтынан бул дарек аркылуу http://aiss.gov.ru/questionary.php же Android үчүн «МигрАзиЯ+» тиркемесинен тапса болот.

Арыз берүүдө ага катышуучунун жана анын үй бүлө мүчөлөрүнүн документтеринин түп нускасы жана алардын орус тилине которулган, нотариус аркылуу тастыкталган документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек.

- арыз жазуучунун сүрөтү 35x45 мм (ак кара же түстүү);
- паспорт жана туулгандыгы тууралу күбөлүк;
- үй бүлөсү тууралу справка;
- билими тууралу, кесиптик даярдыгы, иштеген жылдары тууралу документтер;
- жеке өзүн, профессионалдык көндүмдөрүн мүнөздөөчү башка маалымат;
- РФнын аймагынан документтерди тапшырган учурда РФнын аймагында убактылуу же дайыма жашагадыгын тастыктаган документтеринин түп нускасы жана алардын көчүрмөлөрү - убактылуу жашаганга уруксаат, жашаганга укуктуу же баш паанек берүү жөнүндө күбөлүк;

**Жашоо үчүн тандап алган аймакка келип мамлекеттик прорамманын шарттарын аткаруу**

Көчүп келгендер өзүлөрү жашоо үчүн тандаган аймакка келип, чыныгы жашаган жерине миграциялык каттоого туруп (регистрация), РФда убактылуу жашоого уруксаат алуу үчүн документтерди тапшырат. Мамлекеттик программанын катышуучулары төмөнкүлөрдөн турган милдеттенмелерди алышат: жашоо, окуу, бир канча убакыттын ичинде, макулдашуу шарттарына ылайык РФнын тандап алган аймагында жумуш иштөө. Бул шарттардын аткарылышы тууралу РФнын ИИМинин (МВД РФ) миграция боюнча аймактык Башкармалыгына билдирип туруу керек.

**! Эгерде мамлекеттик программанын катышуучусу жана анын үй бүлөсү программа тарабынан белгиленген дайыма жашаган жериндеги Россиянын ИИМинин (МВД РФ) аймактык органына каттоого тургандан баштап 3 жылга жетпей чыгып кетсе, алар мамлекеттин колдоо боюнча тарткан чыгымдарын төлөп беришет!**

**РФнын аймактарындагы мамлекеттик программа жөнүндө төмөнкү сайттан билсе болот:**

Мамлекеттик программанын расмий маалымат пакети
мвд.рф/mvd/structure1/Glavnie_upravlenija/guvm/compatriots/information-pack

Чет өлкөлөрдөгү РФнын ИИМинин өкүлчүлүктөрү:
media.mvd.ru/files/embed/1599750
РФнын Тышкы иштер боюнча министрлигинин жана консулдуктарынын өкүлчүлүктөрү: www.mid.ru/ru/maps/

**gosuslugi.ru –** Мамлекеттик кызматтардын расмий интернет-порталы

**гувм.мвд.рф** – РФнын ИИМинин миграция маселелери боюнча Башкы бөлүмүнүн расмий сайты

**www.aiss.gov.ru –** «Мекендештер» («Соотечественники») Порталы: РФна мекендештерди көчүрүү боюнча мамлекеттик программанын сайты

**www.ruvek.ru –** РФнын Тышкы иштер министрлигинин россиялык мекендештер үчүн порталы

**www.back2russia.net** - РФна көчүп баруучулардын Интернет-форуму

**migrussia.ru –** Миграция жана мигранттар: маалымат порталы (Россиянын аймактарына көчүрүү боюнча мамлекеттик программалар жөнүндө маалымат

# Пайдалуу даректер

**Бирдиктүү ыкчам жардам каналы** - 112 (стационардык жана мобилдик телефон аркылуу- өзгөчө кырдаал түзүлгөндө, адам өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туулганда)

**Бүткүл россиялык маалымат берүү кызматы**

**migrussia.ru** - «Мигранттар жана миграция. Регион аралык маалымат порталы»: (мигранттарга жана алар менен иштеген адистерге адаптация жана укуктук колдоо боюнча кеңештер)

**МигрАзиЯ+** – эмгек мигранттары жана алардын үй бүлөлөрү – ЕАЭБтин жана КМШ өлкөлөрүнүн жарандары үчүн мобилдик тиркеме (Android үчүн)

**гувм.мвд.рф** – РФнын ИИМинин миграция маселелери боюнча Башкы бөлүмдүн расмий сайты

**trudvsem.ru** – Россияда жумуш: эмгек жана жумушка орноштуруу боюнча Федералдык кызматтын Бүткүл россиялык вакансияларынын базасы

**онлайнинспекция.рф** — эмгек укуктарын коргоо маселелери боюнча электрондук кайрылууларды кабыл алуу боюнча эмгек жана жумушка орноштуруу Федералдык кызматынын Порталы

w**ww.aiss.gov.ru** – «Мекендештер» Порталы: РФна мекендештердин көчүп келүүсү боюнча мамлекеттик программанын сайты

**www.ruvek.ru** – Россиялык мекендештер үчүн РФнын Тышкы иштер министрлигинин Порталы.

**russia.study** – Чет элдик жарандарды РФнын ЖОЖда окууга тандоо боюнча билим берүү Министрлигинин сайты

**Мамлекеттик мекемелер**

**Москва шаарынын улуттук саясат жана аймак аралык байланыш Департаменти**

Сайт*: https://www.mos.ru/depnpol/*
depnpolinfo@mos.ru
Телефон: 8 (495) 633-60-91, 8 (495) 633-60-92

**Санкт Петербург шаарындагы улут аралык мамиле жана миграциялык саясатты жүргүзүү боюнча Комитети**

Адрес: Санкт-Петербург, Московский пр., 10-12
Почтовый адрес: 191060, Смольный
info@kmormp.gov.spb.ru
Телефон: 8 (812) 576-28-08

**РФнын ИИМинин миграция маселелери боюнча Башкармалыгы**
**по г. Москва:**
https://77.мвд.рф/ms
Телефон: 8 (495) 587-07-87
**по Московской обл.:**
https://увм.50.мвд.рф
Телефон: 8 (926) 224-74-28
**по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области**
Сайт: 78.mvd.ru/ms
тел. 8 (812) 573-37-22, 8 (812) 573-30-02

**иммиграциялык көзөмөлдү уюштуруу боюнча бөлүм**
**по г. Москве** 8 (495) 959-63-28
**по Московской области** 8-495-623-67-64
**по г. Санкт-Петербургу и Ленинградской области** 8 (812) 314-61-91
«горячая линия» 8 (812) 573-30-02

**Мамлекеттик кызмат көрсөткөн көп функционалдуу борборлор (Многофункциональные центры предоставления государственных услуг (МФЦ))**

**Единая справочная служба МФЦ:**
8 (812) 573-90-00
Список МФЦ Москвы:
https://md.mos.ru/
Список МФЦ Санкт-Петербурга:
gu.spb.ru/mfc

**Санкт-Петербург шаарында жумуш издөө жана чет элдик жарандарды жумушка орноштурууга жардам**

**Мамлекеттик кадр Башкармалыгы «Калкты жумушка орноштуруу» Москва шаары**– 8 (495)705-75-75, czn.mos.ru/

**СПб ГАУ «Эмгек ресурстарынын борбору»** - 8 (812) 758- 36-34, gauctr.ru

**Эмгек миграциясы боюнча ыкчам линия:** 8-800-333-70-97

**СПб ГАУ «Калкты жумушка орноштуруу»** - 8 (812) 571-00-41, r21.spb.ru

**Жарандардын укугун коргоо**

**Государственная инспекция труда в Москве** (в случае нарушения трудовых прав) 8 (495) 343-91-90 git77.rostrud.ru

**Государственная инспекция труда в Московской обл.** 8 (495) 343-99-54 git50.rostrud.ru

**Государственная инспекция труда в Санкт-Петербурге** 8 (812) 746-59-86, 8 (812) 374-31-97
git78.rostrud.ru

**Государственная инспекция труда в Ленинградской обл.** 8 (812) 612-70-34

**Прокуратура** (защита прав иностранных граждан, обжалование незаконных решений и действий официальных лиц)
**Москва** 8 (495) 683-68-74 mosproc.ru
**Московская обл.** 8 (495) 628-27-88 mosoblproc.ru
**Санкт-Петербург** 8 (812) 318-26-34
procspb.ru/reception — для интернет-обращений
**Ленинградская обл.** 8 (812) 429-77-55 prokuratura-lenobl.ru

**Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу адам** (мамлекеттик органдар тарабынын чет элдик жарандардын укугун коргоону көзөмөлдөө)
**Москва** 8 (495) 957-05-85 http://ombudsman.mos.ru/
**Московская обл.** 8 (495) 650-20-38 https://upch.mosreg.ru
**Санкт-Петербург** 8 (812) 764-00-54
ombudsmanspb.ru/ru/request — для интернет-обращений
**Ленинградская обл.** 8 (812) 296-60-13 http://www.ombudsman47.ru/

**Балдардын укугун коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам** (балдардын укугун коргоону көзөмөлдөө)
**Уполномоченный по правам ребенка в РФ** - deti.gov.ru
**Москва:** ombudsman.mos.ru, 8 (495) 957-05-85
**Московская область:** detimo.mosreg.ru , 8 (498) 602-32-07
**Санкт-Петербург:** spbdeti.org , 8 (812) 576-70-00
**Ленинградская область:** 47deti.ru , 8 (812) 400-36-49

**Саламаттык сактоо Комитети же Департаменти** (медициналык жардам алуудагы кыйынчылыктар)
**Москва** 8 (495) 777-77-77
**Московская обл.** 8 (498) 602-03-01
**Санкт-Петербург** 8 (812) 595-89-79
zdrav.spb.ru — для интернет-обращений
**Ленинградская обл.** 8 (812) 611-45-45

**Шаардык тез жардам станциясы:** 03, мобилдик телефондон – 103

**Билим берүү Комитети же Департаменти** (балдарды мектепке, бала бакчага орноштуруудагы кыйынчылыктар)
**Москва:** https://www.mos.ru/feedback/reception/
**Московская область:** 8 (498) 6021027

**Санкт-Петербург:** 8 (812) 576-20-19, k-obr.spb.ru
**Ленинградская область:** 8 (812) 611-44-90

https://www.mos.ru/map/sotcialnaia-podderzhka/tcentry-pomoshchi-seme/ - Москва шаарындагы үй бүлөгө жана балдарга социалдык жардам берүү борборлорунун толук тизмеси жана дареги

http://www.homekid.ru/spravochnik-po-rajonam.html - Санкт-Петербург шаарындагы үй бүлөгө жана балдарга социалдык жардам берүү борборлорунун толук тизмеси жана дареги

**Полиция**
02 со стационарного телефона, 102 или 112-2 – с мобильного телефона

**Главное управление собственной безопасности МВД России:** 8 (495) 667-07-30

**Главное Следственное Управление Следственного комитета РФ по г. Москве:** 8 (495) 690-25-28, по Московской обл.: 8 (499) 184-00-65,
**по г. Санкт-Петербургу:** 8 (812) 571-00-40, 8 (812) 570-66-71,
**по Ленинградской обл.:** 8 (800) 200-97-80.

**Городской центр утерянных документов** (стол находок) (паспортту жана башка документтерди жоготкон учурда)
Москва: 8 (495) 694-86-20, 8 (495) 694-99-57, 8 (495) 200-99-57
Санкт-Петербург: ул. Большая Монетная, 16, 8 (812) 336-51-09

**Бюро регистрации несчастных случаев – Москва жана Москва областынын аймагында табылган жана жоголуп кеткен жарандар жөнүндө маалымат:** 8 (495) 688-22-52
**Санкт-Петербург шаарынын жана Ленинград областынын аймагында:** 8 (812) 573-66-66

**Центр временного содержания иностранных граждан ГУ МВД России** (ЦВСИГ)
**по г. Москве:** г. Москва, 64-км Варшавского шоссе, пос. Вороновское, д. Сахарово
8 (495) 633-32-83, 8 (495) 633-32-80

**По Московской обл.:** городское поселение Егорьевск, д. Костылёво, стр. 107
8 (49640) 56-3-07

**ЦВСИГ №1 ГУ МВД России по Санкт-Петербургу и Ленинградской обл.:**
Санкт-Петербург, Красное Село, Кингисеппское шоссе, 53А
8 (812) 749 90 29, 8 (812) 749 90 34, 8 (812) 417 29 48
электронная почта – suvsig-spb@mail.ru

**ЦВСИГ №2 ГУ МВД России по Санкт-Петербургу и Ленинградской области:** Ленинградская область, г. Гатчина, Мариенбург, промзона 2 участок 3, 8 (813) 716-00-94

**Элчиликтер жана консулдук мекемелер**

**Посольство Киргизской Республики в РФ**
Москва, ул. Большая Ордынка, д. 64
8 (499) 237-44-52
Тел.: 8 (499) 237-48-82, 237-46-01

**Отделение посольства Киргизской Республики в Санкт-Петребурге**
Санкт-Петербург, В.О., 7-я линия, 76, оф. 308
8 (812) 332-94-87, 8 (900) 634-90-95, 8 962 688-25-06
e-mail: konsul_kr_spb@mail.ru

**Посольство Республики Таджикистан в РФ**
г. Москва, Гранатный переулок, 13
Тел: 8(495) 690-41-86
E-mail: tajembmoscow@mfa.tj

**Генеральное консульство Республики Таджикистан в Санкт-Петербурге**
192007, Санкт-Петербург, ул. Тамбовская, д. 10 литер А
Тел.: 8 (812) 490-47-46, +7 (967) 349-29-44
e-mail: tajgencons.piter@mfa.tj
http://tajgenconsspb.ru/

**Посольство Республики Узбекистан в РФ**
г. Москва, Погорельский переулок, д.12.
Телефон: 7-499 230-00-78
E-mail: info@uzembassy.ru

**Генеральное консульство Республики Узбекистан в Санкт-Петербурге**
190005, г. Санкт-Петербург, 4-я Красноармейская ул., 4А
Тел. 8 (812) 601-06-28
e-mail: gkruspb@mail.ru

**Коомдук уюмдар**

**Москва и Московская область:**

**Комитет «Гражданское содействие»:** refugee.ru 8 (495) 681-18-23 (правовая помощь) (укуктук жардам)

**«Такие же дети»:** kidsarekids-center.com (орус тилин үйрөнүү, балдардын адаптация болуусуна жардам)

**Санкт-Петербург и Ленинградская область:**

**БФ «ПСП-фонд** (акысыз укуктук жардам)
Кайрылуу үчүн телефон: +7 (812) 337-57-85, +7 (953) 141-31-09
Сайт: psp-f.org

**Информационно-консультационный центр Красного Креста** (чет элдик жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга кеңеш берүү)
ул. Красного Текстильщика, д. 15 (приемное окно)
тел.: 8 (800) 333-00-16
сайт: spbredcross.org

**СПб РОО «Дети Петербурга»** (эмгек мигранттарынын балдарына мектепке кирүүгө жана орус тилин үйрөнүүгө жардам берүү)
Тел.: 8 911 773-77-87
сайт: detipeterburga.ru

**ИНГО «Кризисный центр для женщин»**
https://crisiscenter.ru
Телефон доверия: +7 (812) 327-30-00 (с 11 до 18 часов в будни)

Карманная книжка трудового мигранта (на киргизском языке)

Подготовка текста:
БФ «ПСП-фонд»

Автор-составитель: Якимов А.Н.
Редактор: Панич Б.Л.

Контакты:

БФ «ПСП-фонд»
(бесплатная консультационная помощь мигрантам, членам их семей
и работающим с ними специалистам)
Телефон: +7 (812) 337-57-85
Электронная почта: bp@psp-f.org
Сайты: www.psp-f.org, www.migrussia.ru

Публикация подготовлена в рамках проекта «Развитие сотрудничества некоммерческих организаций России и Средней Азии, направленного на адаптацию и интегрирование мигрантов в правовое и культурное поле Российской Федерации», реализуемого с использованием гранта Президента Российской Федерации на развитие гражданского общества, предоставленного Фондом президентских грантов.

Подписано в печать:
Тираж 1000 экз. Заказ №

Отпечатано в типографии “L-PRINT”
192007, Санкт-Петербург,
Лиговский пр., 201, лит. А, пом. 3Н.